# ММ Кызмат

МАМЛЕКЕТТИК жана МУНИЦИПАЛДЫК

№ 12 (438) 19-апрель, 2022-ж.

МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН БАСЫЛМАСЫ


## ВАКАНСИЯлар!!!

4-, 6-8-беттер

Мамиржон КАДИРОВ:

# АЙЫЛ АЙМАГЫБЫЗДЫН ЭКОНОМИКАСЫ, ИНФРАСТРУКТУРАСЫ ЖЫЛДАН ЖЫЛГА ӨНҮГҮҮДӨ




4-бетте

### МУНИЦИПАЛЬНАЯ АДМИНИСТРАЦИЯ МЭРИИ ГОРОДА БИШКЕК ПО ЛЕНИНСКОМУ АДМИНИСТРАТИВНОМУ РАЙОНУ

## ОБЪЯВЛЯЕТ ОТКРЫТЫЙ КОНКУРС

### ПО ОТБОРУ КАНДИДАТОВ ДЛЯ ВКЛЮЧЕНИЯ В РЕЗЕРВ КАДРОВ МУНИЦИПАЛЬНОЙ АДМИНИСТРАЦИИ МТУ №1, 2, 3, 4, 5, «ЧОН-АРЫК» МЭРИИ г.БИШКЕК И РЦО ЛЕНИНСКОГО РАЙОНА ПО СЛЕДУЮЩИМ ГРУППАМ МУНИЦИПАЛЬНЫХ ДОЛЖНОСТЕЙ:

**МТУ №1, 2, 3, 4, 5, “Чон-Арык” мэрии г.Бишкек**

- на замещение главной группы (Г-Б) вакантных административных муниципальных должностей муниципальной службы

**Центральный аппарат, МТУ№1, 2, 3, 4, 5, “Чон-Арык” мэрии г.Бишкек и РЦО Ленинского района**

- на замещение старшей группы вакантных административных муниципальных должностей муниципальной службы;
- на замещение младшей группы вакантных административных муниципальных должностей муниципальной службы.

**Общие квалификационные требования для всех должностей:**

*- Гражданин Кыргызской Республики, достигший 18 лет;*
*- Неимеющий судимость;*
*- Профессиональное образование;*
*- Стаж государственной и/или муниципальной службы или опыт работы по специальности с учетом группы и категории административных должностей.*

**Профессиональные компетенции**

**Знание общего законодательства Кыргызской Республики, а также законодательства в соответствующей области**

**(Продолж. на 4 стр.)**



Камила ТАЛИЕВА:

## ШАЛААКЫЛЫК КЫЛГАН ЖЕТЕКЧИЛЕРДИН ЭЧ КИМИ ЖООПКЕРЧИЛИККЕ ТАРТЫЛГАН ЭМЕС



2020-жылы шалаакылыктын айынан өлкөбүз миңдеген жарандарынан айрылган. Бул тууралуу депутат Камила Талиева («Ата Журт») Жогорку Кеңештин Социалдык саясат боюнча комитетинин жыйынында билдирди.

ЖК комитети «Дастан» заводунун кампасына 2020-жылы "кара июль" айында жеткирилип, бирок пайдаланылбай калган өлкөнү жасалма дем алдыруучу 400 аппараттар боюнча маселени карады.

«Жөнөкөй эле беткапка болгон ызы-чууну эстегилечи. Өлкөнү жасалма дем алдыруучу аппараттарды айтпаганда да, алар трагедиядан бизнес кылышкан. Ошол кезде беткаптардын баасы канча болду эле?" - деди Талиева 2020-жылкы «кара июлдагы» окуяны эскерип.

2018-жылдын апрелинен 2020-жылдын июнь айына чейин Мухаммедкалый Абылгазиев премьер-министр болгон. 2020-жылдын июнь айынан октябрга чейин Кубатбек Боронов премьер-министр болгон. Ага чейин ал биринчи вице-премьер-министр болуп иштеген.

Шарапаткан МАЖИТОВА:

## КОРРУПЦИЯ БАР, БИРОК АНЫ МЕНЕН КАНТИП КҮРӨШҮҮ КЕРЕК?



«Ынтымак» фракциясынан ЖК депутаты Шарапаткан Мажитованын айтымында, акыркы убакта мамлекеттик органдар менен укук коргоо органдары биригип, бизнесмендерди жана ишкерлерди куугунтуктаган учурлары көбөйүүдө. Муну кантип жок кылса болот? «Мурда деле коррупция жабык түрдө эле, баары тымызын жасалчу: чиновниктер пара алып, дароо эле өз ишин аткарышкан. Азыр алар пара алып, ал үчүн жоопкерчилик да тартышпайт, убада кылгандарын аткарбай коюшу да мүмкүн. Уялбай эле паранын суммасын ачык айтышат. Бизде азыр ушундай коррупция бар, аны менен күрөшүү керек, бирок кантип?» - деп суроо койду эл өкүлү.

## АЛЫМКАДЫР БЕЙШЕНАЛИЕВГЕ СӨГҮШ ЖАРЫЯЛАНДЫ



Саламаттыкты сактоо министри Алымкадыр Бейшеналиевге сөгүш жарыяланды. Бул тууралуу Министрлер кабинетинин басма сөз кызматы билдирди.

Тиешелүү чечимге Министрлер кабинетинин төрагасы Акылбек Жапаров кол койду.

Буга чейин Башкы прокуратура Алымкадыр Бейшеналиевдин «Көз микрохирургиясы» клиникасын жетектеген Алмазбек Исманкуловго карата айткан боюнча арызды караганы маалымдалган.

Ошондой эле Бейшеналиев таластыктарга карата орунсуз сүйлөгөнү үчүн эскертүү алган.

## ТОКАЕВДИН ЖАКЫНДАРЫ КАЙСЫ КЫЗМАТТАРГА ТАЛАПКЕР БОЛО АЛБАЙТ?



Казакстандын юстиция министри Канат Мусиндин айтымында, президент Касым-Жомарт Токаевдин жакындары министр, министрдин орун басарлары, мамлекеттик жана квазимамлекеттик органдардын башчысы кызматына талапкер боло алышпайт. «Мисалы, президенттин эжеси, агасы же балдары «Самрук-Казына», «Байтерек» улуттук компанияларында жетекчилик кызматтарды ээлей алышпайт», - деп билдирди Мусин.

Эске салсак, жакын туугандар деп ата-энелер, балдар, асырап алуучулар, бир туугандар, чоң ата, чоң эне, неберелер эсептелет. Казакстан Республикасынын коррупцияга каршы күрөшүү боюнча мыйзамдарына ылайык, алардын катарына ошондой эле жубайлардын жакын туугандары кирет.

## "САНАРИПТИК КӨЧМӨН" ДОЛБООРУ КООМДУК ТАЛКУУГА КОЮЛДУ




Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги "Чет элдик жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга "Санариптик көчмөн" (Digital nomad) статусун берүү жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу" Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоорун коомдук талкууга алып чыкты.

Токтом долбоорунда чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга "Санариптик көчмөн" убактылуу укуктук статусун ыйгаруу жөнүндө Убактылуу жобону бекитүү сунушталууда.

"Санарип көчмөн" чет өлкөлүктөргө Кыргызстандын аймагына визасыз кирүү, өлкөдө жүрүү, жашаган жери боюнча катталуу жана ишке орношууга уруксат берүүчү документерди алуу мүмкүнчүлүгүн берет. Мындан тышкары, "Санарип көчмөн" статусу юстиция жана салык тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардан кызмат көрсөтүүлөрдү жөнөкөйлөштүрүлгөн тартипте алууга шарт түзөт.

Султан АЛЫБАЕВ:

## ЖЕТЕКЧИ МЕНЕДЖЕР БОЛУШУ КЕРЕК, ЭГЕР ИШТЕЙ АЛБАСАМ ЖУМУШТАН КЕТЕМ



«Силерге менеджер керек, жетекчи менеджер болушу керек. Келгиле иштешип көрөлү. Эгерде иштей албасам, жумуштан кетем», - деди Бишкек мэриясына караштуу «Тазалык» муниципалдык ишканасынын жаңы директору болуп дайындалган Султан Алыбаев. Ал Рамазан айынын соңуна чейин убакыт берүүнү өтүндү. Алыбаев буга чейин УКМКда иштегенин айтты.

"Тазалыктын" жаңы жетекчисин жумушчуларга Бишкек шаарынын вице-мэри Жамалбек Ырсалиев тааныштырды. "Жумушчуларга басым болбошу керек. Эгерде эртең кызматкерлердин бири жумуштан кетсе, анда сиз жана башкы инженер дагы жумуштан кетесиңер», - деди Ырсалиев Алыбаевге кайрылып. Ошондой эле Ырсалиев жекшемби күндөрүндөгү жумуш үчүн акы төлөө маселесин кароону тапшырды. «Силердин бюджет 514 млн сом болуп бекиген. Кайсы жерден акча үнөмдөсө болорун карап чыккыла, бирок дем алыш күнүндөгү жумуш үчүн акча төлөнүшү керек», - деди ал.

Буга чейин ишкананын кызматкерлери айлык маяналары кечиктирилип, унаа оңдоого акча бөлүнбөй жатканын айтышып наразылык акциясына чыгышканы, ушундан улам мурдагы директору Азат Сагынов ээлеген кызматынан бошотулганы маалымдалган.

## ТҮРКИЯ АНТИРОССИЯЛЫК САНКЦИЯЛАРДЫ КАЙСЫЛ УЧУРДА КОЛДООГО АЛАТ



Түркиянын тышкы иштер министри Мевлүт Чавушоглу NTV телеканалына берген интервьюсунда, өлкө кандай учурда Орусияга каршы санкцияларга кошуларын айтты.

Дипломат белгилегендей, Анкара эл аралык мыйзамдарды сактайт, андыктан, тең салмактуу саясат жүргүзөт. Россия Федерациясына каршы санкцияларды БУУ жактырса, өлкө аларды колдоого аргасыз болот.

24-февралда Россиянын президенти Владимир Путин Донецк жана Луганск элдик республикаларынын өтүнүчү менен Донбасста атайын аскердик операция башталганын жарыялаган. Анын максаты – коңшу өлкөнү "демилитаризациялоо" жана анын бийлигин "денацификациялоо". Ошондон соң Батыш өлкөлөрү Россия Федерациясына каршы жаңы санкцияларды жарыялашкан.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин кызматкери Окоева Назгүл Патидиновнанын

**агасы Окоев Айбектин**

мезгилсиз дүйнөдөн өткөндүгүнө байланыштуу Агенттиктин эмгек жамааты терең кайгыруу менен көңүл айтабыз.

**«ММ кызмат»**

**Тел.: (0312) 62-16-26**
**mmkyzmat@gmail. com**
**mmkyzmat@mail. ru**

ГЕЗИТ ЭЭСИ:
Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик жана редакциянын эмгек жамааты

Башкы редактор
**Надыр Момунов**

Башкы редактордун орун басары, жооптуу катчы
**Дайырбек Мейманов**

Кабарчылар:
**Рысбай Сагынов**
**Мамат Сабыров**

Корректор
**Гүлназ Нурмаханова**

Верстка
**Нурлан Кыдыков**

Менеджер
**Татьяна Ибраимова**
**тел./факс: (0312) 62-16-36, 0558 (0776) 508268**

**Келишимдер жана реквизиттер үчүн:**
tatianashukurbekovna@gmail. com

**«ММ кызмат» гезити**
2013-жылы
7-июнда негизделген

ИНН 01210201310016
БИК 135001
ОАО «Айыл банк», Бишкек ш. ,
Биринчи май району,
р/с 1350100026248533

Каттaлуу күбөлүгү № 1941

"Учкун" ААК басмаканасында басылды.
Заказ № 337 Нускасы 2300

Биздин дарек: 720040, БИШКЕК ш. , ЧҮЙ проспектиси 122



Жолугушуу

Элчибек ЖАНТАЕВ:

# АГЕНТТИК ЯПОН ИШКЕРЛЕРИНЕ ЖАРДАМ БЕРҮҮГӨ ДАЯР

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги кызматташуу алкагында япон ишкерлерине кандай аракеттер талап кылына турган болсо кызматтык жана ведомстволук мүмкүнчүлүктөрдүн чегинде жардам берүү даяр. Бул тууралуу аталган агенттиктин директору Жантаев Элчибек Нуржадыевич япон ишкерлерин кабыл алуу учурунда билдирди.**

Жолугушуу таанышуу жана пикир алмашуу ирээтинде өттү.

Recreateinc компаниясынын генералдык директору Китагава Теппей менен Ryukyu Osaka компаниясынын генералдык директору Масуда Эйжиро мырзалар өз сөздөрүндө кыргыз жергеси жакканын экономикалык жана социалдык кызматташуу ниеттери бар экендиктерин билдиришти. Recreateinc компаниясы менен Ryukyu Osaka компаниясы Япониядагы ири компаниялардан болуп саналат. Китагава Теппей менен Масуда Эйжиро мырзалар өз компанияларында кыргыз жаштарынын иштөө мүмкүнчүлүктөрүнө токтолушту.

Эске сала кетсек, бир аз убакыт мурда Кыргыз-Япон кызматташтык фонду түзүлгөн. Жогорудагы япон инвесторлору ушул Кыргыз - Япон кызматташтык фондунун ишмердигинин алкагында расмий эмес иш сапарлары менен келишкен.

Эки тарап Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги менен Кыргыз - Япон кызматташтык фонду мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди IT адистиги боюнча квалификацияларын жогорулатуу, аймактарды өнүктүрүү тармагында кызматташуу максаты боюнча алдыда дагы сүйлөшүүлөр болоорун белгилешти.

**Д.МЕЙМАНОВ**



Тест-хроника

# МЕКЕМЕЛЕР ИЧКИ РЕЗЕРВИН ТОЛУКТООДО



**Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин Тестирлөө борборунда өткөн тестирлөөнүн жыйынтыктары:**

**12-апрель** – Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын ички резервин толуктоо үчүн 5 талапкер тестирлөөгө катышкан. Босоголук чектен 2 талапкер өттү.

Муниципалдык резервдин катарына кирүү үчүн 134 адам тестирлөөгө катышып, 48 талапкер босоголук чекти багындырды.

**13-апрель** – КРнын Министрлер кабинетине караштуу интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиктин (Кыргызпатент) ички резервин толуктаганы тестирлөөгө катышкан 110 талапкерден 66 адам босоголук чектен өтө алды.

Айыл чарба министрлигинин ички резервине өтүү үчүн 35 адам тестирлөөгө катышты. 12 талапкер босоголук чектен өттү.

**14-апрель** – Экономика жана коммерция министрлигинин ички резервине кирүү үчүн тестирлөөгө 109 талапкер катышып, 79 адам сынактын кийинки баскычы – аңгемелешүүгө уруксат алышты.

Айыл чарба министрлигинин ички резервине кирүү үчүн 3 адам тестке катышып, босоголук чектен 1 талапкер өттү.

**15-апрель** – Эсеп палатасынын ички резервин толуктаганы 58 адам тестирлөөгө катышты. Талапкерлерден 34 адам босоголук чекти багындырды.

Экономика жана коммерция министрлигинин ички резервине кирүү үчүн тестирлөөгө 127 талапкер катышып, босоголук чектен 77 адам өткөн.

**18-апрель** – Эсеп палатасынын ички резервине кирүү үчүн 93 талапкер тест тапшырып, 49 адам босоголук чектен өттү.

Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондунун ички резервин толуктоо үчүн атаандашкан 44 талапкерден 26 адам сынактын кийинки баскычына уруксат алышты .

Экономика жана коммерция министрлигинин ички резервине кирүү үчүн 2 талапкер тестирлөөгө катышып, 1өө босоголук чекти багындырды.



**Ала-Бука районунун Өрүктү айыл өкмөтү улук жана кенже топтогу административдик муниципалдык бош кызмат орундарына резервге кирүү үчүн талапкерлерди кабыл алууга АЧЫК СЫНАК ЖАРЫЯЛАЙТ:**

**Улук топтогу административдик муниципалдык кызмат орундарына квалификациялык талаптар**

**1. Кесиптик билиминин деңгээли:**
*- жогорку билим.*

**2. Иш стажы жана тажрыйбасы:**
*- жалпысынан 1 жылдан кем эмес мамлекеттик жана /же муниципалдык кызмат стажы же тийиштүү кесиптик чөйрөдө 3 жылдан кем эмес иш стажы.*

**Кенже топтогу административдик муниципалдык кызмат орундарына квалификациялык талаптар**

**1. Кесиптик билиминин деңгээли:**
*- жогорку билим же орто кесиптик билим.*

**2. Стажы жана иш тажрыйбасы:**
*- иш стажына талап коюлбайт.*

**Сынакка катышуу үчүн төмөнкү документтер талап кылынат:**
*- жеке арызы;*
*- кадрларды эсепке алуу боюнча өздүк баракча (сүрөтү менен);*
*- паспортунун көчүрмөсү;*
*- диплом жана эмгек китепчесинин нотариалдык тастыкталган көчүрмөлөрү;*
*- өмүр баян;*
*- сүрөт 3х4 өлчөмүндө 2 даана;*
*- соттолбогону жөнүндө маалымкат.*

Документтерди кабыл алуу жарыя гезит бетине чыккандан баштап 10 күн жүргүзүлөт.

**Биздин дарек: Ала-Бука району, Өрүктү айылы, Ражапов көчөсү 96, Өрүктү айыл өкмөтүнүн кеңсеси.**

Байланыш телефон: 0772 -02-02-63, 0559 64-73-71.

## УТУШКА ЭЭ БОЛГОН АЙЫЛ ӨКМӨТТӨР АНЫКТАЛДЫ

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик Швейцария өкмөтү тарабынан каржыланган Хелветас программасы менен биргеликте "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун алкагында уюштурулган кереге кеңеш өткөрдү. Иш-чарада муниципалитеттердин социалдык-экономикалык өнүгүүсү жана социалдык жана гендердик сезимталдуулук маселелеринин чечилиш жолдору талкууланды. Кереге кеңешке ошондой эле Өнүктүрүү саясат институту, Жергиликтүү өз алдынча башкаруучулар союзу катышты.




2022-жылдын февраль, март айларында "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоору Жалал-Абад, Ысык-Көл облустарынын 47 пилоттук муниципалитеттердин ортосунда жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу программаларынын мыктыларына конкурс жарыялаган. Конкурска катышуу ниетин 36 жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары билдирген. Алардын ичинен 6 ЖӨБ органдары утушка ээ болушуп, жетекчилерине акчалай сыйлыктар тапшырылды.

**1-орун: (200 000 сом)**

Светлая Поляна айыл өкмөтү (Ысык-Көл облусу, Жети-Өгүз району)

Чолпон-Ата айыл өкмөтү (Жалал-Абад облусу, Токтогул району)

**2-орун: (150 000 сом)**

Теплоключенка айыл өкмөтү (Ысык- Көл облусу, Ак-Суу району)

Токтогул шаары (Жалал-Абад облусу)

**3-орун: (100 000 сом)**

Бостери айыл өкмөтү (Ысык-Көл облусу, Ысык-Көл району)

Масы айыл өкмөтү (Жалал-Абад облусу, Ноокен району)

**Кызыктыруучу сыйлыктар менен: (50 000 сомдон, 6 жеңүүчү):**

Кумбел айыл өкмөтү (Ысык-Көл облусу, Ысык-Көл району)

Кызыл-Суу айыл өкмөтү (Ысык-Көл облусу, Ысык-Көл району)

Жаңы-Жол айыл өкмөтү (Жалал-Абад облусу, Токтогул району)

Оргочор айыл өкмөтү (Ысык-Көл облусу, Жети-Өгүз району)

Тоң айыл өкмөтү (Ысык-Көл облусу, Тоң району)

Жаңы-Жол айыл өкмөтү( Жалал-Абад облусу).

МУНИЦИПАЛЬНАЯ АДМИНИСТРАЦИЯ МЭРИИ ГОРОДА БИШКЕК
ПО ЛЕНИНСКОМУ АДМИНИСТРАТИВНОМУ РАЙОНУ

# ОБЪЯВЛЯЕТ ОТКРЫТЫЙ КОНКУРС

## ПО ОТБОРУ КАНДИДАТОВ ДЛЯ ВКЛЮЧЕНИЯ В РЕЗЕРВ КАДРОВ МУНИЦИПАЛЬНОЙ АДМИНИСТРАЦИИ МТУ №1, 2, 3, 4, 5, «ЧОН-АРЫК» МЭРИИ г.БИШКЕК И РЦО ЛЕНИНСКОГО РАЙОНА ПО СЛЕДУЮЩИМ ГРУППАМ МУНИЦИПАЛЬНЫХ ДОЛЖНОСТЕЙ:

**(Продолж., нач. на 1 стр.)**

**Для главных административных муниципальных должностей:**

*- Конституция Кыргызской Республики, Конституционный Закон Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики», Трудовой кодекс Кыргызской Республики, Закон Кыргызской Республики «О порядке рассмотрения обращений граждан», Закон Кыргызской Республики «О государственной гражданской службе и муниципальной службе», Закон Кыргызской Республики «О нормативных правовых актах Кыргызской Республики», Закон Кыргызской Республики « О конфликте интересов», Закон Кыргызской Республики «О доступе к информации, находящейся в ведении государственных органов и органов местного самоуправления Кыргызской Республики», Закон Кыргызской Республики «О противодействии коррупции», Типовая инструкция по делопроизводству в Кыргызской Республике, утвержденная постановлением Правительства Кыргызской Республики от 3 марта 2020 года № 120.*

**Для старших административных муниципальных должностей:**

*- Конституция Кыргызской Республики, Закон Кыргызской Республики «О порядке рассмотрения обращений граждан», Закон Кыргызской Республики «О государственной гражданской службе и муниципальной службе», Закон Кыргызской Республики «О нормативных правовых актах Кыргызской Республики», Закон Кыргызской Республики «О противодействии коррупции», Типовая инструкция по делопроизводству в Кыргызской Республике, утвержденная постановлением Правительства Кыргызской Республики от 3 марта 2020 года №120.*

**Для младших административных муниципальных должностей:**

*- Конституция Кыргызской Республики, Закон Кыргызской Республики «О государственной гражданской службе и муниципальной службе».*

*- Знание государственного и официального языков в объеме, необходимом для исполнения должностных обязанностей, а также иностранного языка (по необходимости).*

*- Владение компьютерной и оргтехникой, необходимыми программными продуктами.*

*- Умения и навыки в соответствующей сфере.*

*- Наличие профессионального образования подтверждается документом установленного образца.*

*- Дополнительное образование - курсы переподготовки и повышения квалификации, подтвержденные соответствующими документами.*

*- Для выпускников высших (средних специальных) учебных заведений текущего года допускается предоставление справки об окончании учебного заведения и присвоении соответствующей квалификации с указанием оценок по обучившимся предметам и официальной печати учебного заведения.*

*- Дипломы, полученные в высших учебных заведениях иностранных государств, подлежат рассмотрению после представления заключения о подтверждении уровня и содержания документов об образовании, выданных зарубежными учебными заведениями, и их действии в Кыргызской Республике уполномоченным государственным органом в сфере образования в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики.*

*- Стаж по специальности исчисляется со дня работы по специальности, указанной в дипломе о высшем и/или о среднем специальном образовании в соответствии с законодательством Кыргызской Республики об образовании.*

*- Подтверждение стажа работы на государственной или муниципальной службе и/или опыта работы по специальности определяется на основании записей в трудовой книжке и/или справки с места работы по необходимости.*

*- Уровень знания государственного языка для каждой административной должности устанавливается государственным органом, органом местного самоуправления в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.*



*- Дополнительные квалификационные требования к административным должностям государственной гражданской службы и муниципальной службы включают требования к профессиональным компетенциям на уровне умений и навыков, которые позволяют более успешно исполнять должностные обязанности с учетом специализации государственного органа, органа местного самоуправления и функциональных особенностей конкретной должности.*

**Кандидаты для включения в резерв кадров должны соответствовать следующим квалификационным требованиям:**

**1) для главной группы административных должностей**

**Уровень профессионального образования:**

*- высшее образование (разного профиля).*

**Стаж и опыт работы:**

*- стаж государственной и/или муниципальной службы по совокупности не менее 3 лет либо стаж работы в соответствующей профессиональной сфере не менее 5 лет.*

**2) для старшей группы административных должностей**

**Уровень профессионального образования:**

*- высшее образование (разного профиля).*

**Стаж и опыт работы:**

*- стаж государственной и/или муниципальной службы по совокупности не менее 1 года либо стаж работы в соответствующей профессиональной сфере не менее 3 лет.*

**3) для младшей группы административных должностей**

**Уровень профессионального образования:**

*- высшее либо среднее профессиональное образование (разного профиля).*

**Стаж и опыт работы:**

*- без предъявления требований к стажу работы.*

**Для участия в конкурсе необходимо представить:**

*- личное заявление с указанием группы муниципальных должностей;*

*- собственноручно заполненный и подписанный личный листок по учету кадров установленной формы с приложением фотографии;*

*- резюме;*

*- собственноручно заполненная автобиография (с указанием сведений о наличии либо отсутствии судимости);*

*- копия паспорта (оригинал паспорта предъявляется по прибытии на конкурс);*

*- документы, подтверждающие необходимое профессиональное образование, стаж работы и квалификацию (копия трудовой книжки, копии документов об образовании, о повышении квалификации, о присвоении ученой степени и ученого звания, заверенные нотариально или службами управления персоналом по месту работы);*

*- рекомендательные письма (желательно).*

**Документы подшитые в «дело», необходимо представить лично или направить по почте в конверте с пометкой «На конкурс» в течение 7 рабочих дней со дня опубликования до 18:00 час. по адресу: пр.Чуй 315, здание МА по Ленинскому району г.Бишкек, 3 этаж, 303 каб., телефон: 653871.**

Подробная информация размещена на сайтах www.meria.kg, www.mkk.gov.kg.

**ПРИМЕЧАНИЕ:** Кандидаты, соответствующие квалификационным требованиям, будут приглашены для дальнейшего участия в конкурсе. Контактные данные и адрес претендентов должны быть указаны точно.

## Араван районунун Керме-Тоо айыл өкмөтү улук, кенже топтогу административдик муниципалдык бош кызмат орундарына резервге киргизүү үчүн АЧЫК СЫНАК ЖАРЫЯЛАЙТ:

**Улук кызмат ордуна коюлуучу квалификациялык талаптар**

**1) Кесиптик билимдин деңгээли:**

*- экономика жана башкаруу, айыл чарба, архитектура, жол жана курулуш, табият таануу илимдери, энергетика жана электроэнергетика, саламаттыкты сактоо, гуманитардык, педагогикалык, социалдык багыттардагы жогорку билим.*

**2) Иш стажы жана тажрыйбасы:**

*- жалпысынан 1 жылдан кем эмес мамлекеттик жана/же муниципалдык кызмат стажы же тиешелүү тармактык багыты боюнча тиешелүү кесиптик чөйрөдөгү 3 жылдан кем эмес иш стажы.*

**Кенже кызмат ордуна коюлуучу квалификациялык талаптар**

**1) Кесиптик билимдин деңгээли:**

*- муниципалдык кызматчылар үчүн тиешелүү адистик (багыт) боюнча жогорку же болбосо орто кесиптик билим (гуманитардык, экономика жана башкаруу).*

**2) Иш стажы жана тажрыйбасы:**

*- эмгек стажына талап коюлбайт.*

**Талап кылынуучу документтер:**

*- жеке арызы, кадрлар боюнча өздүк баракча сүрөтү менен, өмүр баяны (соттолгондугу же соттолбогондугу жөнүндө маалыматты көрсөтүү менен) резюме, сүрөтү;*

*- паспорттун көчүрмөсү;*

*- керектүү кесиптик билимин, эмгек стажын жана квалификациясын ырастаган документтер (эмгек китепчесинин, билими, квалификациясын жогорулаткандыгы, илимий даража же илимий наам берилгендиги жөнүндө документтеринин көчүрмөлөрү нотариустан же иштеген жеринен персоналды башкаруу кызматы тарабынан күбөлөндүрүлөт).*

**Документтерди кабыл алуу жарыя ММКда чыккан күндөн баштап 10 календарлык күндүн ичинде төмөнкү дарек боюнча жүргүзүлөт: Гүлбаар айылы, С.Эшматов көчөсү №78 үй.**

Кошумча маалыматтар үчүн байланыш телефондору: 0771 29 01 48, 0778 05 49 23.

## КРнын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндөгү” Мыйзамына ылайык Кара-Буура районунун Чолпонбай айыл өкмөтү төмөндөгү ваканттык административдик муниципалдык кызмат орундарга АЧЫК СЫНАК ЖАРЫЯЛАЙТ:

**Чыгаша боюнча башкы адис – 1 орун**
**Киреше боюнча башкы адис – 1 орун**
**Жер маселелери боюнча башкы адис – 1 орун**
**Маалыматтык компьютердик технологиялар боюнча адис – 1 орун**

**Чыгаша боюнча башкы адис**

**Кесиптик билимдин деңгээли:**

*- экономика жана башкаруу, финансылык багыттагы жогорку билим.*

**Стажы жана иш тажрыйбасы:**

*- мамлекеттик жана/же муниципалдык кызматтагы жыйынды стажы бир жылдан кем эмес же болбосо тиешелүү кесиптик чөйрөдө 3 жылдан кем эмес иш стажы.*

**Киреше боюнча башкы адис**

**Кесиптик билимдин деңгээли:**

*- экономика жана башкаруу, финансылык жана юридикалык багыттагы жогорку билим.*

**Стажы жана иш тажрыйбасы:**

*- мамлекеттик жана/же муниципалдык кызматтагы жыйынды стажы бир жылдан кем эмес же болбосо тиешелүү кесиптик чөйрөдө 3 жылдан кем эмес иш стажы.*

**Жер маселелери боюнча башкы адис**

**Кесиптик билимдин деңгээли:**

*- айыл чарбасы, геодезия жана жерге жайгаштыруу, архитектура жана курулуш, техникалык илимдер жана табият таануу илимдери, юридикалык, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу багыттагы жогорку билим.*

**Стажы жана иш тажрыйбасы:**

*- мамлекеттик жана/же муниципалдык кызматтагы жыйынды стажы бир жылдан кем эмес же болбосо тиешелүү кесиптик чөйрөдө 3 жылдан кем эмес иш стажы.*

**Маалымат жана компьютердик технологиялар боюнча адис**

**Кесиптик билимдин деңгээли:**

*- жогорку же орто кесиптик билим.*

**Стажы жана иш тажрыйбасы:**

*- иш стажына талаптар коюлбайт.*

**Сынакка катышуу үчүн керектүү документтердин топтому өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:**

*- бош кызмат орду көрсөтүлгөн өздүк арыз;*

*- кадрлар боюнча өздүк баракча, сүрөтү (4x6 - 2 даана);*

*- өмүр баянын (соттолгондугу же соттолбогондугу жөнүндө маалыматты көрсөтүү менен);*

*- резюме;*

*- паспорттун көчүрмөсүн;*

*- керектүү кесиптик билимин, эмгек стажын жана квалификациясын ырастаган документтерин (эмгек китепчесинин, билими, квалификациясын жогорулаткандыгы, илимий даража же илимий наам берилгендиги жөнүндө документтеринин көчүрмөлөрү нотариустан же иштеген жериндеги персоналды башкаруу кызматы тарабынан күбөлөндүрүлөт).*

Белгиленген талаптарга туура келбеген документтерди жана маалыматтарды тапшырган жарандарды конкурска катыштырууга жол берилбейт. Сынактарга катышуу үчүн керектүү документтерди төмөндөгү дарекке жарыя гезитке чыккан күндөн баштап 10 жумуш күндүн ичинде саат 8:00дөн 17:00гө чейин тапшыруу керек.

**Дареги: Кара-Буура району, Чолпонбай айыл аймагы, Чолпонбай көчөсү №115, байланыш телефондору: (0501-06-75-75; 0553-13-10-91).**

**Ош облусунун Араван районунун Алля Анаров айыл өкмөтү республикадагы мыкты айыл өкмөттөрүнүн бири. Бул айыл өкмөтү 2020-жылы жыл сайын өтүүчү республикалык сынакта «Эң мыкты айыл өкмөтү» наамын жеңип алган. Өткөн 2021-жылды да жакшы көрсөткүчтөр менен жыйынтыктаганынан кабардар болдук. Аталган айыл өкмөтүнүн социалдык экономикалык абалы, өткөн жылдагы аткарылган иш-аракеттери жана быйылкы жылдагы максаттары тууралуу айыл өкмөт башчысы Кадиров Мамиржон Назиржонович менен маек курдук.**

Мамиржон КАДИРОВ:

# АЙЫЛ АЙМАГЫБЫЗДЫН ЭКОНОМИКАСЫ, ИНФРАСТРУКТУРАСЫ ЖЫЛДАН ЖЫЛГА ӨНҮГҮҮДӨ



**РЕЗЮМЕ**

*Кадиров Мамиржон Назиржонович 1980-жылы 13-сентябрда туулган. Билими жогорку, Ош КУУнун финансы-экономика факультетин «салык жана салык салуу» адистиги боюнча аяктаган. 1998-1999-жж. «БОСТОН» фирмасынын Чек-Абаддагы филиалынын бухгалтери, 1999-2000-жж. «Майрам Трейд Интернэшнл» кыргыз-англис ЖЧКсында бухгалтер, 2000-2005-жж. Араван районунун Калкты иш менен камсыз кылуу борборунда 1-категориядагы адис, жетектөөчү адис, башкы адис, 2005-2008-жж. Миграция жана ишке орноштуруу комитетинин Араван району боюнча башкы бухгалтери, 2008-2021-жж. Араван районундагы Алля Анаров айыл аймагынын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы болгон. 2021-жылдын 1-ноябрынан баштап Алля Анаров айыл өкмөтүнүн башчысы кызматын аркалоодо.*

*Кыргыз Республикасынын 2-класстагы муниципалдык кеңешчиси класстык ченине ээ. Орус, кыргыз, өзбек, түрк тилдерин билет.*

**- Кепти айылдардагы эң көйгөйлүү маселелерден баштасак. Айтайын дегеним, республиканын көпчүлүк айыл аймактарында көчөлөр ирээтке келтирилбеген... чаң, баткак, караңгы болуп, Сиздердечи?**

- Бизде көчөлөрдү жарыктандыруу, асфальттоо жумуштары дайыма көңүл борборунда. Айталы, айыл өкмөтүнүн аймагындагы Жаңы-Араван, Пахта-Дөбө, Аччы, Маданият, Араван айылдарындагы ички көчөлөрдүн жана мектептердин аянттарында асфальттоо жумуштары жүрдү, аткарылган жумуштун көлөмү 11 км 356 метрди түздү. Жумуштарды аткаруу үчүн айыл өкмөтүнүн бюджетинин эсебинен 44 млн 142 миң 350 сом акча каражаты сарпталды. Айыл өкмөтүнүн аймагындагы айылдарда электр энергиясын үзгүлтүксүз камсыздөө максатында трансформатор коюлуп, түнкү жарыктандыркычтар орнотулду. Айылдарга столбалар, электр зымдар алынып берилип, 1 млн 576 миң 470 сом акча каражаты жумшалды. Пахта-Дөбө айылында балдар ойноочу аянтча курулуп, 421 миң 452 сом акча каражаты сарпталды. Алля Анаров айыл өкмөтүнүн жаңы имаратынын курулушу да биздин эмгек жамаатын чоң кубанычка бөлөдү. Бул курулушка 12 750 000 сом акча каражаты жумшалды.

**- Чакан жана орто ишкердикти колдоо, бизнести өнүктүрүү жаатында өткөн жылы айыл аймагында кандай иштер аткарылды?**

- Алля Анаров айыл өкмөтүнүн Араван айылында жеке ишкер А.Камолдинов тарабынан «Зафар» чекене соода кызмат көрсөтүүчү дүкөн, жеке ишкер Ж.Мусажанов тарабынан «Зам Зам» кафе ашкана, жеке ишкер Х.Рахматуллаев тарабынан «Хамид» чайканасы, жеке ишкер Ш.Нодиров тарабынан курулуш материалдары сатуучу чекене соода дүкөн, жеке ишкер О.Канахатов тарабынан ашкана, жеке ишкер Ш.Нодиров тарабынан «Корзинка» азык-түлүк сатуучу чекене соода дүкөнү курулуп пайдаланууга берилди. Ошондой эле Араван айылынын Ош-3000 көчөсүндө жеке ишкер С.Сайдахматов тарабынан унааларга техникалык кызмат көрсөтүүчү устакана, А.Юлдашев көчөсүндө жеке ишкер С.Масеитова тарабынан унааларга кызмат көрсөтүүчү унаа жуучу жай жана ашкана ишке чегерилди. Айыл аймагынын Жаңы-Араван айылында «Ас-Сафа» фондунун бирикмеси тарабынан 230 орундуу тигүүчүлүк цехтин курулушу толугу менен бүткөрүлдү. Алля Анаров айыл өкмөтүнүн Сасык-Үнкүр айылында «Мрамор и Ко» ЖЧКсына карьерден мрамор таш алуу үчүн 1,5 га жер аянты берилди. Маданият айылынын М.Омон көчөсүндөгү ТП-400 айланасы А.Мамадалиев тарабынан колдоо көрсөтүлүп тосулду.

**- Багбандардын, дыйкандардын иштерин илгерилетүү үчүн жагымдуу шарттар түзүлүп жатабы?**

- Алля Анаров айыл өкмөтүнүн аймагында «Бир айыл бир продукт» долбоорунун алкагында айыл чарбасында өндүрүлгөн мөмө жемиштерди кайра иштетүүчү цех жеке ишкер Домонов Данияр тарабынан курулду. Айыл өкмөтүнүн Мырза-Аке участкасына «Вайт Стоун» ЖЧКсы тарабынан ферула өсүмдүгүнүн уругу себилди. Бул гүл өсүмдүгү тамак-аш жана фармацевтикада кеңири колдонулат. Жаңы-Араван айылында 1000 чарчы метр жер ажыратылып, АРИС долбоору аркылуу дыйкандарга шарт түзүү максатында Белоруссиянын үрөөндөрдү тазалоочу элеватору орнотулду. Айыл өкмөтүнүн аймагындагы дыйкандарга ыңгайлуу шарт түзүү максатында жер астындагы суулардын деңгээлин азайтуу үчүн 3,2 км коллектордук дренажга Айыл чарба министрлиги тарабынан конкурс жарыяланып, республикалык долбоордун негизинде тазаланды.

**- Айыл аймагында тазалыкты сактоого көңүл бурулганбы?**

- Америка жана Европа шаарларында оор салмактуу жүк ташуучу автоунаалар айдап эмгектенип жаткан демөөрчү мигранттарды уюштуруу жолу менен 2 млн сом акча каражаты жыйналып, DAF үлгүсүндөгү таштанды жыйноочу автоунаа сатып алынды. Ошондой эле Россия Федерациясынын Тюмень шаарында жеке ишкерлик менен эмгектенип жаткан демөөрчү мигранттарды уюштуруу жолу менен 600 миң сом акча каражаты жыйналып, 30 даана таштанды жыйноочу евроконтейнерлер сатып алынды. Айыл өкмөтүнө караштуу Ош-3000 жана И. Жалилов көчөлөрүнө 22 даана аялдамалар да демөөрчүлөр тарабынан курулуп орнотулду. Элет элин жана конокторду айыл аймагында тазалыкты сактоо максатында тазалыкка үгүттөөчү «Сураныч, таштанды таштабагыла» деп 35 даана ураандар жазылган рекламалык баннерлер да демөөрчүлөрдү уюштуруу жолу менен орнотулду. Россия Федерациясынын Иркутск шаарында жеке ишкерлик менен алектенген мигранттарды уюштуруу менен алар тарабынан айыл өкмөтүнүн аймагындагы окуучуларды жана жарандарды акысыз ташуучу 2 даана ПАЗ-3205 автобустар сатып алынды. Буга 5 млн сом акча каражаты сарпталды.

**- Таза суу жана сугат суу маселелери кандай?**

- Таза суу жана сугат суу маселелерин да эл аралык кайрымдуулук фонддору, өзүбүздүн демөөрчүлөр жана айыл өкмөтүнүн бюджети аркылуу чечүү аракеттерин көрүүдөбүз. Айталы, Айыл өкмөтүнүн аймагындагы айылдарды таза ичилүүчү суу менен камсыздоо максатында полиэтилен шлангдар, керектелүүчү материалдар жана 2 таза суу насосдору сатып алынып берилип, 1 млн 926 миң 610 сом акча каражаты сарпталды. Айыл өкмөтүнө караштуу Жаңы-Араван айылынын А.Матисаков көчөсүнө «Ас-Сафа» кайрымдуулук фонду аркылуу 800 метр аралыкка таза суу линиясы тартылды. Айыл өкмөтүнө караштуу Маданият, Араван айылдарынын көчөлөрүнө чакан скважина казылып, «Ас-Сафа» кайрымдуулук фонду аркылуу 6 даана таза суу линиясы тартылды. Айыл өкмөтүнүн аймагындагы айылдарда, Маданият айылында 500 метр ички кожолук арыгына бетон лоток куюлду. Араван айылындагы Чарбак участкасындагы 500 метр ички кожолук арыгына да бетон лоток куюлду. Дыйкан чарбаларына шарт түзүп берүү максатында бетон кольцо, асбест трубалар жана суу бөлүүчү жерлерге темир материалдар алынып берилип, 1 млн 469 миң 363 сом акча каражаты сарпталды. Ошондой эле айыл өкмөтүнө караштуу Бешкарам айылына ошол эле «Ас-Сафа» кайрымдуулук фонду аркылуу скважина казылып, 700 метр аралыкка таза суу линиясы тартылып, элге таза суу жеткирилди. Айыл өкмөтүнүн Жаңы-Араван айылында Дүйнөлүк банк долбоору аркылуу сугат суу каналдары бетондолуп лоток куюлуп, 22 млн 500 миң сом акча каражаты сарпталды. Маданият айылынын Мойдун Элүүбашы көчөсүндөгү көпүрөнүн жанындагы сугат арык жээктери да демөөрчүлөр тарабынан бекемделди. Аймактын борбордук көчөлөрүндө тазалыкты сактоо максатында суу себүүчү автоунаа да демөөрчүлөрдү уюштуруу жолу менен алынды.




*Алля Анаров айыл өкмөтүнүн жаңы имаратынын курулушу эмгек жамаатын чоң кубанычка бөлөдү*

**- Демөөрчүлөр менен кайрымдуулук фонддору Сиздерге көп жардам берет тура?...**

- Ооба, эгерде уюштуруу жана долбоорлоо иштери максаттуу, туура жүргүзүлсө, айыл аймагын өнүктүрүүдө алардын салымы өтө чоң. Жогоруда айтылгандар буга ачык мисал. Дагы да кошумчалап кетейин: Айыл өкмөтүнө караштуу З.Бобур орто мектебине «Юз Оф Ош» коомдук бирикмесинин «Жаратман жаштар» долбоору алкагында 3 демилге колдоого алынып, демөөрчүлөр тарабынан эмеректер жана оргтехникалар алынды. Айыл өкмөтүнүн аймагында эмгектенип жаткан жеке ишкерлер, кайрымдуу демөөрчүлөр тарабынан аз камсыз жана муктаж үй-бүлөлөр үчүн акысыз азык-түлүк социалдык дүкөнү ачылды. Натыйжада 2021-жылдын 1- декабрынан баштап 31-декабрына чейин демөөрчүлөр эсебинен болжолдуу 600,0 миң сомдук азык-түлүк берилди. Айыл өкмөтүнүн Жаңы-Араван айылында «Ас-Сафа» кайрымдуулук фонду тарабынан заманбап ФАП курулуп, 1 млн 445 миң сом акча каражаты сарпталды. Кыскасы, айыл аймагыбыздын экономикасы, инфраструктурасы жылдан жылга өсүп - өнүгүүдө.



*Алля Анаров айыл өкмөтүнүн эмгек жамааты*

**Маек курган Дайырбек МЕЙМАНОВ**

## Айыл өкмөтүнө

**Кызыл-Дыйканский айыл окмоту Жайылского района**
**ОБЪЯВЛЯЕТ ОТКРЫТЫЙ КОНКУРС**
**по отбору кандидатов для включения в резерв кадров Кызыл-Дыйканского айыл окмоту по следующим группам административных должностей муниципальной службы:**

**- на замещение старшей группы вакантных административных должностей муниципальной службы;**
**- на замещение младшей группы вакантных административных должностей муниципальной службы.**

**Для включения в резерв кадров Кызыл-Дыйканского айыл окмоту кандидат должен соответствовать следующим требованиям:**
*- гражданин Кыргызской Республики, возраст не менее 21 года.*

**Квалификационные требования:**
**1.Уровень профессионального образования:**
*- высшее или среднее профессиональное образование по направлению гуманитарных и социально-экономических, технических, педагогических, сельскохозяйственных наук.*

**2.К стажу и опыту работы:**
**2.1. На замещение старшей группы вакантных административных должностей муниципальной службы:**
*- стаж государственной и/или муниципальной службы по совокупности не менее 1 года либо стаж работы в соответствующей профессиональной сфере не менее 3 лет.*

**2.2. На замещение младшей группы вакантных административных должностей муниципальной службы:**
*- без предъявления требований к стажу работы.*

**Для участия в отборе необходимо представить:**
*- личное заявление, резюме (с указанием электронной почты), автобиография (с указанием сведений о наличии или отсутствии судимости), копии документов, подтверждающих профессиональное образование (при наличии), заверенные нотариально или по последнему месту работы, копия трудовой книжки (при наличии стажа работы), заверенная нотариально или по последнему месту работы, копии документов о присвоении ученой степени и ученого звания (при наличии, заверенные нотариально или службой управления персоналом по месту работы), копию паспорта.*

**Для участия в конкурсе желающим необходимо представить документы в течение 10 рабочих дней с момента опубликования объявления по адресу: с. Петропавловка, ул. Советская №1, тел.: 03133 4-89-37.**

**ПРИМЕЧАНИЕ:** для дальнейшего участия в открытом конкурсе будут приглашены только те претенденты, документы которых соответствуют предъявленным требованиям. Контактные данные и адрес претендентов должны быть указаны точно. Участники конкурса, представившие документы и сведения, не отвечающие установленным требованиям, к участию в отборе не допускаются.

**Жайылский айыл окмоту Жайылского района**
**ОБЪЯВЛЯЕТ ОТКРЫТЫЙ КОНКУРС**
**по отбору кандидатов для включения в резерв кадров Жайылского айыл окмоту по следующим группам административных должностей муниципальной службы:**

